Эшматова О.П., Бобоева Г., Абдуллаев.Р.М.

# БАЛАНЫ АДЕП-АХЛАККА ТАРБИЯЛООДО БЕШИК ЫРЫНЫН РОЛУ

Эшматова О.П., Бобоева Г., Абдуллаев.Р.М.

# РОЛЬ КОЛЫБЕЛЬНЫХ В НРАВСТВЕННОМ ВОСПИТАНИИ РЕБЕНКА

Eshmatova O., Boboeva G., Abdullaev R.

# THE ROLEOF LULLABIES IN MORAL EDUCATIONOFCHILDREN

УДК: 37.01(575.2)

Бул макалада коом менен техника өнүккөн замандагы балдарды туура тарбиялоодо бешик ырынын ролу жөнүндө сөз болот.

Бешик ырын азыркы доордун балдарын маңыздуу, жеткиликтүү тарбиялоо үчүн улуттук наркыбыз, элдик салтыбыз катары ата-бабаларыбыздан келе жаткан көрөңгөлүү мурастарыбыздын бири деп кабылдоо менен келечектеги бала тарбиясына татыктуу салым кошууну колго алсак, атуулдук парзыбызды аткарган болор элек деген пикирдин айланасында ой толгойбуз. Учурдагы ааламдашуу доорунда бала тарбиясы экинчи орунда калып, ага ушунчалык кайдыгер мамиледе болуп жаткандыгыбыз абдан кейиштүү маселе, анткени, улуттугубузду сактап калууда “тарбиянын” орду өтө чоң.

Чындыгында, бешик ыры – уйкунун бейпилдигин, жан дүйнөнүн тынчтыгын, көңүлдүн аруулугун, тыңдоонун, өсүп-өнүгүүнүн ырааттуулугун жөнгө салуучу бирден-бир каражат деп эсептесек жаңылышпайбыз. Анткени, аны ырдоо аркылуу эне балага жан дили менен мээрим төгүп, ак тилегин, жакшы ниетин толук кандуу жеткире алат. Акыркы мезгилдерде баланы бешик ыры менен уктатууга анча маани берилбей калгандай сыяктанат. Муну али да болсо жөнгө салууга мүмкүнчүлүгүбүз бар, андыктан пайдаланууга аракет жасайлы.

**Ачкыч сөздөр:** бешик ыры, бала тарбиясы, көрөңгө, парз, үй-бүлө, нарк-насил, жөрөлгө, мурас.

В этой статье пойдет речь о значении колыбельных в правильном воспитании детей в век развитого общества и технологий.

Мы верим, что если мы будем считать колыбельную одним из наших дальновидных наследий наших предков, нашей национальной ценностью и народной традицией для значимого и доступного образования детей современности, мы выполним свой гражданский долг. Очень печальная проблема, что в нынешнюю эпоху глобализации образование детей находится на втором месте и мы к нему так равнодушны, потому что место «воспитания» очень важно в сохранении нашей национальности.

На самом деле мы не должны ошибаться, если считаем, что колыбельная песня — единственное средство регулирования покоя сна, душевного покоя, чистоты внимания, последовательности слушания и роста. Ведь, напевая ее, мама может всей душой излить свою любовь к своему ребенку, в полной мере передать свои добрые пожелания и благие намерения. В последнее время, кажется, что колыбельные стали менее важными. У нас еще есть возможность это настроить, так что попробуем ее использовать.

**Ключевые слова:** колыбельная, воспитание ребенка, видение, долг, семья, ценности, традиции, наследие.

This article will talk about the importance of lullabies in the proper upbringing of children in the age of advanced society and technology.

We believe that if we consider the lullaby as one of our visionary heritages from our forefathers as our national value and folk tradition for the meaningful and accessible education of the children of the present age, we will have fulfilled our civic duty. It is a very sad problem that in the current era of globalization, child education is in second place and we are so indifferent to it, because the place of "education" is very important in preserving our nationality.

In fact, we should not be mistaken if we believe that the lullaby is the only means of regulating the peace of sleep, the peace of the soul, the purity of attention, the sequence of listening and growth. After all, by singing it, a mother can pour out her love for her child with all her heart; convey her good wishes and good intentions to the fullest. In recent times, it seems that lullabies have become less important. We still have the ability to adjust this, so let's try to use it.

**Key words:** lullaby, child education, vision, duty, family, values, tradition, heritage.

Ооба, биз ааламдашуу кылымында, тынымсыз өнүгүү жолунда жашап жатабыз.Өнүккөн демократиялык коомдо ата-бабаларыбыздын нукура салттарын, көрөңгөлүү жөрөлгөлөрүн жугумдуу

колдонуу менен чыныгы мекенчил, баатыр, эл инсандарын тарбиялап өстүрүү учурдун талабы. Чындыгында, бешик ырын ырдоо менен баланы ымыркай мезгилинен эле туура тарбиялоону колго алсак, эртеңки күнү чыныгы өз мекенин сүйгөн, ата журт үчүн күйгөн, кызмат кылган, тарыхын, наркын сактаган патриот муунду өстүрүүгө жетишебиз. Албетте, бул үчүн салттуулугун бийик туткан өрнөктүү эне болуу жетиштүү деген пикирдебиз.

Арийне, бүгүнкү күндөгү бала тарбиясы,бала тарбиялоодо бешик ырынын ролу жөнүндө ой бөлүшүүнү туура көрдүк. Эң оболу “бешик” жана “бешик ыры” жөнүндө бир аз токтолуп кетели:

Бешик – бул жарык дүйнөгө жаңы келген наристелер үчүн бардык шарттары менен жыгачтан жасалган асыл буюм. Ал көчмөн ата-бабаларыбыздан калган таберик десек да жаңылышпайбыз. Арча, кайың, тал, тыт өңдүү жыгачтардан жасалып, көчкөндө өңөрүп жүрүүгө шарттashкан. Чынында жыгач бешик эч качан сырдалбайт. Ал жалаң жыгачтан жаралып, жердик өзүнүн жекече касиетин өзү гана дааналап көрсөтөт. Бешик – көпчүлүктүн биргелешкен чыгармасы. Ал жыгылса сынбаган, өңөрсө тең салмакты сактаган, көч үстүндө термелген...(1.1)

Бешикке бөлөө салты – элибиздин унутулгус каадаларынын бири. Төшөнчүсү, жамынчысы, жаздыгы, күлтүгү, шимеги, мончогу, шылдырак оюнчугу – баары толугу бойдон даярдалып, таенеси тарап алып келген. Боорсок, ар түрдүү канттан чачыла чачылып, андан соң “көп жашаган, боору бүтүн” байбиче кемпирлер баланы бешикке бөлөгөн. Андан соң байбичелердин бирөөсү бешик ырын ырдаган.

Чынында эле бешик ырын угуп чоңойгон баланын угуусу, туюусу, сезүүсү жогору болгон. Ошол эле кезде жакшы уктаган. Этнопедагог Г.Н.Волков: “Бешик ырынын педагогикасы – адамзат тарыхынын эң эле табиятка жакын педагогикасы” деп жазып, биринчи бешик эң алгачкы жапайы адам-эненин колу менен тизеси экендигин белгилейт. Демек, бешик, бешик ыры адамзаттын пайда болушу менен кошо эле пайда болгон эң байыркы көөнө чыгармачылык. Анда али дүйнөнүн эч нерсесин биле элек наристеге улуу адамдардын сүйүүсү, камкордугу сиңдирилген, гумандуу педагогиканын эң биринчи жана эң эле майнаптуу этабынын башталышы камтылган.

“Эненин бешик ыры – уул-кыздын өмүр жашоосунун башаты. Анда эне сүтү да, эне тили да, ата-салты да, Ата журту да, анын тарыхы да чөгөрүлгөн”, - деп жазат профессор Сулайман Рысбаев. Демек, бешик ыры – кыргыз элинин этнопедагогикалык идеялары сакталган ыйык куту, эне менен баланын мамилесинин, сүйүүсүнүн түйүлдүгү. Авар акыны Расул Гамзатов: “Эненин бешик ырын укпай өскөн баланын энесиз жетим баладан айырмасы жок”, - деп таамай айтат. Казак жазуучусу жана аалымы Мухтар Ауэзов: “Эл болуу үчүн бешигиңди оңдо”, - деп насаат берет.

Мына ушул бешик ырлары – балдарды тарбиялоо үчүн арналып чыгарылган жана ырдалган. [44-45]

Бүгүнкү күндө бешикке бөлөөнүн терс жактары боюнча да айтылып келе жаткан изилдөөлөргө, көз караштарга жалпыбыз күбө болуудабыз. Биз буга караманча каршы эмеспиз, анын да белгилүү деңгээлде чындыгы бар деген ойдобуз. Бешикке бөлөө же бөлөбөө ар кимдин өз чечиминде, бирок, биздин маселе “бешик ырларына” арналат.

Бешик ырлары – дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде кездешчү, анын ичинде кыргыз оозеки поэзиясындагы лирикалык жанр. Бешик ыры баланы уктатуу, сооротуу, алаксытуу, тарбиялоо максатында айтылат. Ошону менен бирге анда наристенин бакты-таалайлуу, элдин кызматына жараган жакшы адам болушу жөнүндөгү ой-тилек, максаты да билдирилет. Ошондой эле бөбөктүн келечегине жакшылык каалоону билдиргендиги, ага акыл-насаат айткандыгы менен да айырмаланат. Бешик ырлары коом турмушуна ылайык социалдык мотивге ээ болот.

Кыргыз элинде баланы тарбиялоодо бешик ырынын мааниси жогору болгон. Ыр аркылуу эне мээримин балага төккөн жана баланын айлана чөйрөнү таанып билүүсүн эртелеткен. Бешик ырын уккан баланын угуу, туюу сезимдери бат калыптанып, тилинин так чыгышы, кеп байлыгынын өөрчүшү ылдамдаган. Ыр аркылуу баарлашуу баланын кабыл алуусун, эс тутумун эрте калыптандырууга өбөлгө түзгөн. Бешик ырлары көчмөн жашоодогу кыргыз элинин турмушун чагылдырып, бала тарбиялоодогу салттуу эрежелердин маанилүү элементи болгон.(1.72)

Ооба, биз жогорудагы пикирди тереңдетүү менен, өзүбүздүн жеке үй-бүлөлүк тажрыйбабызда колдондук. Балабызды бешик ыры менен терметип, бир эле учурда мээримибизди берип, жакшы тилектерибизди айтып, абдан пайдалуулугуна ынандык. Бүгүнкү күндө жаш энелер анча маани бербеши мүмкүн, бирок, бул чындык. Кала берсе бешиктин өзгөчө чеберчилик менен куралышы, жасалгасы, аткарган кызматы да бала тарбиясында өзүнчө бир табылга, мектеп деп билебиз.

Колумнист Топчугүл Шайдуллаева бешик ырынын орду жана мааниси тууралуу төмөнкүдөй эскерет:

“Мен уккан бешик ырынын ичинен эсимде аликүнчө калган саптары ушундай. Эсимде калган

дегеним, бул ырды кийин чоңоюп, бешикке жатпай калганда деле энем мени эркелеткенде ырдап калчу. Ал ырдын обону да энемдин (чоң апамдын) каргылданган доошу менен көкүрөктө калган, кез-кезде кулакка жаңырып, мени кадимкидей толкундатат, айылга ата-энемдин үйүнө, балалыкка жетелейт. Азыр ойлосом, биздин энелер ушунча чыгармачыл, азыркы тил менен айтканда креативдүү болушкан, алар кыз балага, уул балага карата бешик ырларын өз-өзүнчө токуп ырдашкан. Ырдаганда да өтө берилип, кээде көздөн жашын куюлта көкүрөгүндөгү муңун кошо айтып, бар үмүт-тилегин перзентине байлап обон созгон. Бешик ыры баланы эле сооротуп, уктатпастан, эненин өзүнө да оңой эмес эмоция тартуулаган. Эне баласына тилек-мүдөөсүн айтып ырдоо менен өзү да жеңилдеген, кыйналганы, арып-чарчаганы басылган, алыстагы ата-энесине, бир туугандарына болгон сагынычы, кусасы басаңдаган.

Эзелтен көчмөн элдин бала чоңойтуусунда бешиктин аткарган функциясы өтө чоң болгон. Бешик баланын уктоочу жери гана болбостон, анын үйү болгон. Бала көп учурда бешикте жаткан, колун чыгарып ойногон, эмчек эмген, асты кургак болгон, бешик сууктан коргогон.[2]

Эзелтеден эл арасында бешикке байланыштуу төмөнкүдөй ишенимдер да айтылып жүрөт: Бала жатып жүргөн бешик сатылбайт, сатып аларда соодалашпайт, куру терметпейт, жабуусуз калтырбайт, баланы сол жагынан бөлөбөйт, аттабайт, бут менен терметпейт, экөөлөп көтөрбөйт, өбөктөбөйт, баланы бөлөп жатканда эч ким тышка чыкпай турганы абзел.

Чындыгында анын табигый заттан жасалгандыгы баланын ден-соолугуна пайдалуу.

Алдей, алдей ак балам,
Ак бешикке жат балам.
Узун түндө ойгонбой,
Уйку даамын тат балам.

Алдей, алдей ак бөбөк,
Ак мамыкка жат бөбөк.
Аман-эсен чоңоюп,
Ата-энеңе бол жөлөк.

Жогорудагы саптардын өзүндө эле эмне деген терең маани, кереметтүү ыргак жатат. Мына бала менен баарлашуу, мына эркелетүү, мына мээрим төгүү, өнүктүрүү да тарбиялоо. Мындан 5 жыл мурда экс президентибиз Роза Отунбаеванын демилгеси менен унутулуп бараткан “бешик ырлары” кайрадан колдоого алынып, улуттук наркыбыздын сакталып калуусуна өтө зор көңүл бурулгандыгы бизди абдан таасирлентти, ары кубандырды. Кезинде биз да бешик ыры менен чоңойгонбуз, энем баарыбызды ырдап уктатар эле, ал кез күнү бүгүнкүдөй эсибизде, балдарыбызды терметип, уктаткан сайын көз алдыбызга тартылып, кулагыбызга жаңырып турат. Энебиздин ошондогу жагымдуу үнү бизди жөнөкөйлүккө, токтоолукка, сабырдуулукка, сылыктыкка, чынчылдыкка тарбиялады десек жаңылышпайбыз.

Ал тургай эс тартканыбызда кичинекей бөбөктөрүбүздү энемден үйрөнгөн кайрыктар менен уктатканга жардам берчүбүз:

Алдей, алдей ак бөбөк,
Ак бешикке жат бөбөк.
Кунан койду сой бөбөк,
Куйругуна той бөбөк.

Алдей бөпөм ыйлаба,
Менин жаным кыйнаба.
Атаң тойго кетиптир,
Ак кесе толгон эт келет.
Энең тойго кетиптир,
Эмчеги толо сүт келет.

Мындан улам өзүбүздүн кыздарыбызга, мектептеги окуучу кыздарга, ошондой эле бала бакчадагы 4-5 жаштагы кыздарга да “бешик ыры” жөнүндө айтып берип, сөздөрүн жаттатып, аны уккулуктуу обонго салып үйрөтүп, бөбөктөрүн кароодо айта жүрүүсүнө багыт берип келебиз. Муну улуттук наркыбызга жарандык салымыбызды кошуп жаткандыгыбыз деп туябыз.

Жыйынтыктап айтканда, учурдун эң көйгөйлүү маселелеринин бири болгон башынан тарбия берүүнүн маани-маңыздуу, мазмундуу, жугумдуу, ары ыңгайлуу жолу “бешик ырына” олуттуу көңүл буруу менен жаш энелерге, кала берсе болочоктогу энелерге так, даана, негиздүү түшүндүрүп жеткирүү учурдун талабы. Андыктан ушул багыттагы толук кандуу маалыматтарды тереңдете даярдап, “бешик ырынын” тексттерин, обонго салып ырдоо тасмаларын уникалдуу жайылтууну колго алуу керек.

Эң аягында өзүмдүн уулумду уктатууда ырдаган жан дүйнөмдөн жаралган төмөнкү саптарымды жазып коюуну туура көрдүм:

Укта, уулум, уктай гой,
Таттуу уйкуңдан ойгонбой.
Айлана тынч мемиреп,
Пахта төшөп койгондой.

Ата-энеңди сүйүп жүр,
Элиң үчүн күйүп жүр.
Мекен ыйык экенин,
Акылыңа түйүп жүр.
Алдей, алдей, ак бөпөм,
Ак бешикке жат, бөпөм.

Ар бир үйдө наристенин кубанычтуу күлкүсү жаңырып, бешик ыры ырдалып, анын таасиринде чыныгы тарбиялуу муун өсүп чоңоё берсин, энелерибиз көп жашасын!

**Адабияттар:**

1. Абдыкерим Муратов, Кыялбек Акматов. Бала тарбиялоодогу кыргыз керемети: улуттук тарбиялык нарктар. 2- басылышы, Таалим – 2022. (44-46-беттер)
2. А.Алимбеков. Кыргыз этнопедагогикасы, 1-бөлүк. Бишкек – 1996.
3. А.Муратов ж.б. “Кыргыз этнопедагогикасы” Бишкек – 2018.
4. А.С.Акматалиев Кыргыздын көл өнөрчүлүгү. Бишкек – 1996.
5. Ата-бабалар табериги. Китептер сериясы. Бишкек – 2021 (172-174-беттер)
6. “Sputnik” Булак – интернет 2021-ж
7. “Википедия” Булак – интернет 2022-ж.